"Сен Кыргызстанды билесиңби?" айтылуу балдар китеп сериясы

Бермет Акаева



# АКЫЛМАН СУЛУУЛАР

# *АКЫЛМАН*
# *СУЛУУЛАР*

АО "Учкун"
Бишкек - 2004

# Каныкей

Кыргыз эли байыртан бери бардык доордо аялзатты сыйлап-урматтап, ызаат мамиле жасаган. Бул сыпагерчилик элдик санжыра оозеки чыгармачылыкта айкын-ачык айтылат. Аялзат жөнүндө эл арасында небир сонун ырлар, поэмалар, дастандар, макал-лакаптар жаралган.

Кыргыз аялзатынын асыл дүйнөсүнүн суктанарлык мээрими, сулуулугу, сын-сыпаты, асыл сапаттары жана акылмандыгы Улуу "Манас" эпосунда өзгөчө сүрөттөлгөн.

Элине далай эрдигин көрсөткөн, ак кийизге салып хан көтөрүлгөн уулуна бай Жакып тектүү жерден куда күтүп, каада-салт менен үйлөнтмөкчү болот да, Самаркан, Ташкен, Букараны кыдыра, акыры тажик журтундагы отуз шаардын ханы Атемирдин Санирабийга деген кызын жактырат.

Эр Манас Санирабийгага үйлөнгөндөн кийин, жаңы келинге ыйгарылган кыргызча аты Каныкей. Бул ысым "Кан айымы, жубайы" деген мааниден улам келип чыкса керек.

"Манас" эпосундагы эң башкы кейипкердин бири Каныкей болуп эсептелет. Канайым бардык негизги окуяга катышат. "Семетей" эпосунда да Каныкей негизги каарман. Семетейдин ата ордуна атасы, насаатчысы, камкору жана карманар туусу, таянар тоосу.

Каныкей эч жерден кеми жок, он сегиз миң ааламга тутка болоор, кыйынчылыкта майышпаган, ашкан



акылман, айлакер, сулуу десе сулуу, эрлерден эч кем калбаган, кериш киймин кийинип, жекеме-жеке сайышка түшкөн кыраан, Манас менен бирге жоого атганган, баатырдын алдында акырын сүйлөп муңайган акыл кошчусу, атын таптаган саяпкери, ажалдан аман сактап калган сакчысы, эрлерге күлазык, дары-дармек камдаган табышкер, баатырдын башына түшөр жорукту сезген касиеттүү көзү ачыгы жана ок өтпөс, найза тешпеген аколпокту алты жылы тиши менен тиккен, колунан көөрү төгүлгөн сарамжалдуу уз аял.

"Манас" эпосунда Каныкей мындайча сүрөттөлгөн эмеспи:

"Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси.
Кара тору, керме каш,
Оймок ооз, бото көз,
Келишимдүү узун чач.
Кара сурдун сулуусу,
Аялзаттын нурдуусу.
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу.
Ак көрпө жайыл ургаачы.
Жүлүндөй түптүз бою бар,
Эркечтей мойну койкойгон,
Шекер сөздүү, нур көздүү,
Темиркан кызы Каныкей
Баатыр бейбак болуучу.
Барган жерге калайман
Салган бейбак болуучу".

# Айчүрөк

"Семетей" эпосунун бир айтылышында Манас баатыр Оогандын каны Акункандын адамгерчилигине тан берип, акыреттик дос катары, балдары жарык дүйнөгө келе электе эле калың мал тартуулап, бел куда болушкан. Эр Манас каза тапкандан кийин Акункан баатырдын арбагын сыйлап, убадасынан жанбайт, кызы Айчүрөктү тартып алмакчы болгон душмандар басмырлап камаганда, аргасыздан кырк күн күткөнгө мөөнөт сурап амалданат. Элге, атасынын башына кайгы түшкөн күндөрү бейтаалай Айчүрөк аккуу кебин кийип, канатын күнгө каккылап, куйругун кумга чапкылап, ак куурай башын сыдырып, ай-ааламды кыдырып жүрүп далай баатырларды сынап жактырбай, акыры Таластагы Семетейди табат. Баатыр Айчүрөктүн купулуна толот.

Айчүрөк Семетейдин зайыбы Чачыкейге арыз-арманын айтса, укпай коёт, ардантып кубалайт. Жанаргасы кылып Айчүрөк амал ойлойт. Жекендүү көлдүн жээгинде аккуу болуп кукулдап отурганда сонорго мергенчиликке барган Семетей Акшумкарын салат. Ал аңгыча куу шумкарды бооруна басып учкан бойдон кетет. Артынан күн бүркөлүп, борошо бурганактап, жамгыр төгүлөт.

Акырында Семетей баатыр Акшумкарын издеп барып, Айчүрөктү көрүп жактырат, жоосун кыйратып, аталары анттакшкан Акундун кызына үйлөнөт.

"Манас" эпосунда Каныкей укмуштай кооз сүрөттөлүп, ажары ачылса, "Семетейдеги" Айчүрөктүн



даңазасы андан эч кем калышпайт. Каныкейге баатырдык, уздук, сарамжалдуулук, акылмандык мүнөздүү болсо, Айчүрөктө сыйкырчылык, назиктик, сезимталдык, мээрмандык, боорукерлик, аруулук, сулуулук, ошону менен бирге "тилинде мөөрү, тишинде сөөлү бар" керемет күч бүткөн.

Улуу эпостордо аялзат сулуулугу мындайча сыпатталат: кундуздай кара чачтуу, алгыр тынар баштуу, каламдай кара каштуу, айткан сөзү наздуу, мурду корум мистедей, аппак эти чүчтөдөй, колу асыл күмүштөй, тиши аппак күрүчтөй, мөлтүрөгөн кара көз, келбети сонун ж.б.

Мына ошол жалпы аялзатка тиешелүү сулуулук жалгыз Айчүрөктө бар: бели кындай, бети айдай, көбүк кардай эти бар, кызыл кандуу бети бар, кундуздай кара чачы бар, берметтей таза тиши бар. Сөзү шекердей, көзү чолпондой, кара жерге кар жааса, карды көр да этин көр, кар үстүнө кан тамса, канды көр да бетин көр. Периштей мелтирейт, ак берметтей мөлтүрөйт, эч жеринде кеми жок.

Байыртан кыргыз оозеки санжырасында фольклорунда, жазма тарыхында Айчүрөккө чейин да, андан кийин да нечен-нечен мыкты, асыл жана ашкан сулуу айымдар жашап өткөнү өтө көп баяндалат.

# Кыз Сайкал

Манасчылардын, санжырачылардын баянында нойгут уруусун сексенден ашкан Карачакан башкарат. Анын жападан-жалгыз Сайкал деген сулуу кызы болгон. Эркек баласы жок Карачакан карыганда бабалардын салты менен кызына кандыкты өткөрүп берген.

Аңызын алыстан уккан эр Манас жанына Бакай, Чубак, Сыргак жана кырк чоросун алып, Кыз Сайкалды көрмөккө аттанат. Барса, Кыз Сайкал айлында жок экен. Манас баатыр нойгуттун кызын сынамакка өрүүдөгү жылкысын тийип айдайт да, көп узабай жолун тосот. Манастын жоругу нойгуттардын салты боюнча майканга, жоолашканга чакырык эле.

Адегенде Кыз Сайкал жылкы тийгендерди түшү аркылуу билип, эч камаарабайт.

Эртеси жылкы тийгендердин артынан жетип, уруш салат.

Ошондо эркекче кийинген Кыз Сайкал он жети жашта эле.

"Манас" эпосунда ал мындайча сүрөттөлгөн:

"Эр чыбыктай ийилген,
Эркекче кийим кийинген.
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Жазы маңдай, түймө баш,
Ак кызылы бөлүнгөн,
Айнектей көзү көрүнгөн,
Нурдуу кызыл бети бар,
Уздай аппак эти бар,



Короз моюн, кобул кол,
Атанын сонун сулуу бол!
Талабы журттан бөлүнгөн,
Жуткан кызыл кымызы
Тамагынан көрүнгөн".

Эр Манас менен Кыз Сайкал бетме-бет сайышка чыгып, баатырларча күч сынашат. Акырында Кыз Сайкал Манасты найза менен сайып түшүрмөк болгондо, арачага Чубак түшүп, беттешүү токтолуп, Манас менен Кыз Сайкал жарашып, сөзгө келишет.

Кыз Сайкал Манаска: "Каныкейге күнү болуп барганым уят, акыреттик жар болоюн" деп ант берген.

Манас баатыр Кыз Сайкалдын эрдигине гана эмес, акылмандыгына да ыраазы болгон.

Манас дүйнөдөн кайтканда, атайы келип, кошуп ыйлап, сөөгүн жайына койгонго катышып, аза күтүп, анан соң кайып болуп кеткенинен улам, Эр Манастын артынан кетти деген жоромол кеп калган.

# Жаңыл Мырза

Улуттун санжырасы, тарыхы боюнча иликтегенде кыргыз урууларынын ичинде түпкүлүктүү нойгут уруусу бар. Алардын көбү Теңиртоодо, Синьзцяндагы Лобнор көлүнүн тегерегинде эзелтен жашаган. XVII кылымда нойгуттан чыккан Жаңыл Мырза тарыхый инсан. Жааны жаза тартпаган мерген, жолборстон коркпогон баатыр, узун бойлуу, эки ийни кенен кара сур кыз. Ал акылдуу, зирек, намыскөй да, калыс да, көзү ачык да, шайдоот да, сынчы да болгон. Жыйырма үч жашка жеткенде кара далы аталса да эркекче кийим кийинип, ит агытып, куш салып, кылыч чаап, сайышка түшүп, эл-жерин жат душмандан коргой баштаган.

Көкөмбийдин жаа атууга маш эрке кызынын аброю кыйырга кетет. Чүй боорундагы кыргыздар Жаңыл Мырзаны Сарсейиттин Түлкү баатырына алып бермекчи болуп, алабарман баатырлар үйрү-топ болушуп жигиттери менен Аксууну көздөй жөнөп калышат.

Ошол кезде Жаңыл Мырза калмактар менен чабышта жүрүп, үйүндө жок экен.

Жаңыл Мырзаны көргөнү баргандар эрдемсип нойгуттун малын олжолоп жолго түшүшөт. Көп узабай Какшаалга чукул жерде өргүп калышат.

Жаңыл Мырза айлына келсе журту чабылган, жылкысынан айрылган. Ал жигиттерин курап, чапкындардын артынан кууп, түнү бою "Керегеташ" деген жерге жетет.

Жаңыл Мырза чатырдагы алоолонгон оттон обочодо отурган жигиттерди сынай келип, ичинен Түлкүнү жактырат.

Жаңыл Мырза атасы Көкөмбийдин сөзүнө көнө бербей Түлкүнү атпай кыйылып турат. Ангыча Жаңыл



Мырзанын Кумайыгы оттун жанына жойлоп барып калганда, Түлкү баатыр Жаңыл Мырзаны кордогон сөз айтат.

Ошого ызаланган Жаңыл Мырза Түлкү баштаган төрт баатырды жебе менен жайлайт, калганына тийбейт.

Качкан кол Жаңыл Мырзанын жоругун төкпөй-чачпай айлына аңыз кеп кыла жеткирет.

Чүйдүн эл башчылары кайрадан казак, кыргыздан кол курап барышып, аң уулап келе жаткан Жаңыл Мырзаны аңдып жатып колго түшүрүшөт. 70 жаштагы Калматай байга Жаңыл Мырзанын башы байланат. Жаңыл Мырза күн сыңары күл чыгарып, көп кордукту көрүп, укпаганды угат.

Күндөрдүн биринде айыл алыска көчөт. Айылдын кыз-келиндери жыйылып Жаңыл Мырзага жалынышып, жаа тартып өнөрүн көрсөтүүнү суранышат. Элирген кыздарга Жаңыл Мырза "өз атымды, тарткан жаамды алып бергиле" деп шарт койгондо, кыздар Калматайдан Жаңыл Мырзанын жаасын, атын сурап беришет.

Ошондо Жаңыл Мырза обого ыргыткан тебетейди жерге түшүрбөй атып отуруп, калбыр кылып салат.

Акыры намыскөй Жаңыл Мырза "элин сагынбас эр болбос, мен элимди сагындым, атым үйүрүн сагынды" деп Теңиртоону көздөй атынын оозун коё берет.

Жаңыл Мырзаны топ жигит артынан кууп жөнөшөт. Жаңыл Мырза кылчайып караса күйөөсү жеткени калыптыр. "Кайт, кайра, өлүп каласың" дегенге болбогон күйөөсүн Жаңыл жебе менен набыт кылат.

Өзүнүн эркиндиги, теңдиги үчүн күрөшкөн Жаңыл Мырза кара башын куткарып, Какшаалдагы элине эсен барган экен.

Кээ бир санжырада Жаңыл Мырзанын Лобнордогу өмүрүнүн акыркы мезгили узун сабак баян катары айтылып калган.



# Ак мөөр

Жумгалдагы саяк уруусунун бийи Боркоктун Адылынын төрт уулу жана Мөөр деген сулуу кызы болот. Адетте Адыл бий жай саратанда Соңкөлдү жайлаган XIX кылымда ынтымагы ыдыраган уруулардын арасында Соңкөл талашка түшүп, кээде жаңжалдын чыгышына себеп болуп турган.

Бир жолу жайдын толгон кезинде Карабектин хан Жантайы жандоочулары жана кырк жигити менен Соңкөлдөгү Чоро айлына баратса, бир нече кыз-келин көлгө сууга түшүп жаткан болот. Атчандар карпа-курпа чыга калганда чурулдаган кыз-келиндер суудан чыкканча шашып, көйнөктөрүн кийип, жамырай качышат. Ошончонун ичинен бир кыз эркектерден айбыгып, этин сууга жашырып, чачын жамынып, тескери карап отуруп калат.

Жантай хандын бир шайдоот жигити Соңкөлдүн аккуусуна окшогон кызга жакын барып, аты-жөнүн, айлын сурап алат.

Жантай хандын жан-жөкөрлөрү, жандоочулары сууда отурган кыздын эстүүлүгүнө, зээндүүлүгүнө жана сулуулугуна ыраазы болушат да ханга нике кыюуга жуучу түшмөккө акыл айтышат.

Ошентип, Жантай хан жана анын коштоочулары Чоро айлынын башчысы Адылдын үйүнө капылеттен мейман да, жуучу да болуп түшүп калышат.

Акыры Жумгалдын аттуу-баштуулары Жантай ханга Мөөрдү берүү бир чети Жантай ханга ызаат болсо,

экинчиден уруулар ынтымакташып, конуш талашы басылар деген илгери үмүттө эле.

Ошентип, 52деги Жантай хан он беш жаштагы Мөөр сулууга үйлөнөт. Сулуу да, акылдуу да Мөөр ата-эненин тилине көнүп, салт сактап, эл тагдырын ойлоп, Жантай хан менен жыйырма жыл жашап, төрт бала төрөйт. Кийин Мөөр аты Акмөөр болуп чакырылып калган. Акмөөр сулуу отуз беш жыл гана өмүр сүрөт.

Соңкөлдүн аккуусу атанган Акмөөр сулуунун баяны Советтик доордо таптык көз караштa каралып, идеологиялык саясатка ылайыкташтырылып, тарыхый чындык бурмаланып Жантай хан эзүүчү таптын өкүлү катары, Акмөөр сулуу азап чеккен кедейдин кызы катары бааланган. Ошол багытта акындар поэма, дастан жазышты, комузчулар күү чыгарышты. Атайын пьесалар коюлуп, кинофильмдер тартылды.

А бирок, Акмөөр сулуу жана башка XIX-XX кылымдага элибизге даңазалуу, акылман аялзаты жана улуу инсандар жөнүндө аңыз дагы жаңыча көз караштa изилденет, бааланат, ошондой эле көркөм чыгармалар жаралат деген тилектебиз.

ББК 63.3(2Ки)
А-38

"Учкун" АКсы тарыхый - этнографиялык темадагы "Сен Кыргызстанды билесиңби?" аттуу китеп сериясын сунуш кылат.

*Автору*
**Б. Акаева**

*Художниги*
**З. Мидинова**

*Корректору*
**Ж. Кочкорбаева**

*Дизайнери*
**Е. Ерохина**



Сатып алуу маселеси боюнча «Учкун» АКсынын маркетинг кызматына кайрылыңыздар.
Телефондор: **54-32-15, 54-07-67.**

Нускасы 5 000, Заказдын № 976
Форматы 60х84 1/16, 1,0 физ.б.т.
Бишкек - 2004

ISBN 9967-413-55-7

© "Учкун" АК, 2004